## Кыргыз Республикасындагы 2016-жылдагы бааларынын индекси

2016-жылы (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) жалпы республика боюнча керектөө бааларынын 0,5 пайызга төмөндөшү катталды (2015-ж. керектөө секторунда инфляциянын деңгээли 3,4 пайызды түзгөн). Ошол эле учурда, өткөн жылы тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын (5,0 пайызга) төмөндөшү, ал эми азык-түлүк эмес товарларда (1,6 пайызга) жана кызмат көрсөтүүлөрдө (5,2 пайызга) тескерисинче алардын жогорулашы белгиленди. 2016-ж. январь-декабрында алкоголдук ичимдиктер жана тамекилер жалпысынан 4,3 пайызга кымбаттады.

Керектөө бааларынын өсүүсү 2016-ж. IV-кварталында (2,0 пайызга) белгиленген. Муну менен, республика боюнча жыл ичинде керектөө бааларынын жогорулашы май-июнда (0,2 пайызга) жана 2016-ж. сентябрында (0,2 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) байкалды. Баалар эң көп 2016-ж. I-кварталында - 1,2 пайызга төмөндөдү.

**1-график: Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери**
*(мурунку айга пайыз менен)*




2016-жылдын январь-декабрында товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтердин төмөндөшү Бишкек ш. (1,6 пайызга) жана Талас облусунда (2,0 пайызга) байкалды. Керектөө бааларынын максималдуу өсүшү Ысык-Көл облусунда (3,0 пайыз) катталды.

Муну менен, өткөн жылда республиканын баардык аймактарында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын төмөндөшү байкалды. Ысык-Көл облусунда алар азыраак - 2,1 пайызга арзандады, ал эми, Талас облусунда аларга болгон баа 2015-ж. декабрына салыштырмалуу 7,5 пайызга төмөндөдү.

Азык-түлүк эмес товарлардын бааларынын төмөндөшү 2016-ж. январь-декабрында Бишкек ш. (0,9 пайызга) байкалды, ал эми Талас облусунда алар 2015-ж. декабрынын деңгээлинде өзгөрүүсүз сакталып калды. Ошондой эле Бишкек ш. калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин азыраак жогорулашы (4,3 пайызга) катталды.

2016-ж. алкоголдук ичимдиктер жана тамекилердин баалары эң көп өлчөмдө (11,8 пайызга) Ысык-Көл облусунда өстү, ал ами алардын минималдуу өсүшү (1,6 пайыз) Баткен облусунда байкалды.

**2-график: 2016-ж. аймактар боюнча керектөө бааларынын өзгөрүшү**
*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен; өсүүсү +, төмөндөө -)*




Тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын 2016-ж. июнунда (0,4 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жана 2016-ж. IV-кварталында (3,3 пайызга) жогорулашы белгиленди. Муну менен аларга болгон баанын максималдуу өсүшү өткөн жылдын декабрында (1,3 пайызга мурунку айга салыштырмалуу), ал эми баанын эң көп төмөндөшү 2016-ж. мартында (2,3 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) байкалды.

**3-график: 2016-ж. тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын керектөө бааларынын өзгөрүшү**
*(мурунку айга пайыз менен; өсүүсү +, төмөндөө -)*




2016-ж. тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын керектөө бааларынын деңгээлин аныктоочу негизги көрсөткүчтөр “Нан азыктары жана акшак”

тобуна тиешелүү товарлардын бааларынын (8,1 пайызга) төмөндөшү болгон, бул калктын акчалай чыгашаларынын болжол менен 18 пайыз үлүшүн түзөт.

2016-ж. жалпы республика боюнча макарон азыктарынын - 2,0 пайызга, нандын - 4,7 пайызга, күрүчтүн - 9,7 пайызга жана ундун баасы -10,9 пайызга төмөндөдү. Өткөн жылда керектөө бааларынын жогорулашы гречиха акшагына (12,7 пайызга), кургатылган нанга (7,4 пайызга), бисквит тортуна (2,3 пайызга) жана пирожныйларга (1,7 пайызга) катталды.

Муну менен бирге 2016-ж. күрүчтүн баасы Ош облусунда (1,9 пайызга), нандын - Баткен жана Ош облустарында (0,1 пайзга), макарон азыктарынын - Ысык-Көл облусунда (3,5 пайызга) жана Чүй облусунда (4,2 пайызга) жогорулаганы белгиленген.

2016-ж. жаңы союлган эттин керектөө баасы 7,7 пайызга төмөндөдү. Ошол эле учурда 2016-ж. II-кварталында (2,0 пайызга) жана IV-кварталында (0,2 пайызга) алардын көтөрүлгөндүгү белгиленген.

2016-ж. январь-декабрында жалпы республика боюнча уйдун этинин баасы - 8,2 пайызга, койдун эти - 5,3 пайызга жана жылкынын эти - 8,4 пайызга төмөндөдү. Муну менен 2016-ж II-кварталында эттин баардык түрлөрүнүн баасы көтөрүлгөндүгү белгиленген, ал эми IV-кварталда - уй этиники көтөрүлгөн. Мындан тышкары өткөн жылда республика боюнча тооктордун - 4,6 пайызга жана тооктун сан этинин баасы - 2,8 пайызга төмөндөшү белгиленди.

Белгилей кетсек, уй жана жылкынын эти 2016-ж. республиканын баардык аймактарында төмөндөгөн. Ал эми койдун эти Ысык-Көл облусунда (0,2 пайызга), тооктордуку - Баткен облусунда (6,5 пайызга) жана тооктун сан эти - Бишкек ш. (0,6 пайызга) көтөрүлгөн.

2016-ж. декабрында максималдуу орточо баалар уй этине Бишкек ш. - 312,36 сом бир килограмм үчүн, кой этине - Баткен ш. 300 сом, жылкынын этине - Жалал-Абад ш. 300 сом 1 килограмм үчүн катталды.

“Сүт азыктары, сыр жана жумуртка” тобуна тиешелүү болгон товарлардын баалары 2016-ж. республика боюнча 0,2 пайызга көтөрүлдү. Ошол эле учурда, аймактык бөлүктө баалардын өзгөрүүсүнүн жагдайы өткөн жылы бир беткей болгон эмес. Ошентип, Жалал-Абад (6,2 пайызга), Нарын (4,8 пайызга) жана Ош (3,2 пайызга) облустарында жалпы сүт азыктары, сыр жана жумуртканын бааларынын төмөндөшү, ал эми калган облустарда тескерисинче алардын өсүүсү байкалган. Муну менен 2016-ж. максималдуу өсүш (12,8 пайыз) Талас облусунда катталды.

Муну менен катар 2016-ж январь-декабрындагы сүт азыктары, сыр жана жумурткага болгон баалардын өзгөрүү динамикасы 2015-ж. динамикасына толугу менен окшош. Ошондой эле баалардын жогорулашы 2016-ж. январында (1,3 пайызга), сентябрында (1,5 пайызга мурунку ай менен салыштырмалуу) жана IV-кварталда (10,3 пайызга) байкалган. Муну менен 2015-ж. сүт азыктары, сыр жана жумурткага болгон баалар республика боюнча 5,9 пайызга төмөндөгөн жана Нарын облусунда гана 3,7 пайызга жогорулагандыгы байкалган.

2015-ж. июнунан баштап күн карама майынын баасы жогорулаган, ошондо алардын өсүүсү 2016-ж. январында республика боюнча 0,7 пайызды түзгөн (муну менен январда баалардын 0,4 пайызга төмөндөшү Жалал-Абад облусунда катталган). Андан ары өткөн жыл ичинде күн карама майынын баасы төмөндөгөн, 2016-ж. сентябрь-октябрын алардын баасынын жогорулашы байкалган. Ошентип 2016-ж. декабрында 2015-ж. декабры менен салыштырмалуу күн карама майынын баасы жалпы 7,4 пайызга төмөндөгөн, муну менен алардын төмөндөшү республиканын бардык аймактарында байкалган. Күн карама майынын баасынын эң көп төмөндөшү Нарын облусунда - 12,6 пайызга, же күн карама майы 2015-ж. декабрда 117,96 сомдон 2016-ж. декабрына чейин 101,47 сомго 1 килограмм үчүн.

2016-ж. январь-декабрында жалпы республика боюнча пахта майынын баасынын төмөндөшү 4,9 пайызды түздү. Ошол эле учурда Чүй (6,1 пайызга), Ысык-Көл (6,0 пайызга) жана Жалал-Абад (2,3 пайызга) облустарында алардын жогорулашы байкалды.

2016-ж. жемиш жана жашылчалардын баасы 2,7 пайызга жогорулагандыгы катталган, бул 2015-ж. алардын баасы 22,2 пайызга төмөндөшүнө карабастан болгон. 2016-

ж. жаңы бышкан жашылчаларга болгон баалар жалпы республика боюнча 12,0 пайызга төмөндөдү, муну менен январда (4,4 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жана IV-кварталда (41,9 пайызга) алардын өскөндүгү байкалган. Ошол эле убакта Жалал-Абад (12,3 пайызга), Ысык-Көл (3,1 пайызга) жана Нарын (2,2 пайызга) облустарында жаңы бышкан жашылчаларга болгон баалардын өсүүсү байкалды. 2016-ж. декабрында 2015-ж. декабрына салыштырмалуу жаңы бышкан жемиштердин баасынын деңгээли 8,3 пайызга өстү. Муну менен жаңы бышкан жемиштердин баасынынын жогорулашы Бишкек ш. 22,3 пайызга жана Жалал-Абад облусунда (15,4 пайызга) байкалды. Кургатылган жемиш жана жаңгакка болгон баалар 2016-ж. 7,8 пайызга төмөндөдү (2015-ж. алар үчтөн бирге өскөн).

Өткөн жылы картошкага болгон баалардын кескин жогорулашы катталган 2016-ж. майында - 27,1 пайызга жана 2016-ж. июнунда - мурунку айга салыштырмалуу 1,6 эсе. 2016-ж. июнунда катталган картошканын баасы негизинен жаңы түшүмдүн байкоого алынышы менен шартталат. Ошентип республика боюнча картошканын баасы 2016-ж. апрелинде - 14,02 сом 1 килограмм үчүн, майда 17,75 сомду түзгөн болсо, анда июнда картошканын жаңы түшүмүн эске алуу менен 27,60 сомду түзгөн. Белгилей кетсек картошкага болгон баалар өткөн жылдын башынан бери майга чейин туруктуу түрдө төмөндөгөн, ошондой эле 2016-ж. июнунан 2016-ж. ноябрына чейин да алар төмөндөй берген. 2016-ж. ноябрь-декабрында картошканын баасынын (34,4 пайызга) кайрадан өсүшү байкалган. 2016-ж. декабрында 2015-ж. декабрына салыштырмалуу картошкага болгон баанын деңгээли жалпы республика боюнча 41,8 пайызга өскөн, (же 2015-ж. декабырында 16,40 сом 1 килограмм үчүн болсо 2016-ж. декабрында 23,02 сомго жеткен). Муну менен картошкага болгон баанын максималдуу өсүшү 2016-ж. Ысык-Көл (1,8 эсе) жана Нарын (1,7 эсе) облустарында катталган.

2016-ж. январь-декабрында кумшекердин баасы республика боюнча 5,6 пайызга төмөндөдү (2015-ж. январь-декабрында алардын баасы тескерисинче 7,5 пайызга өскөн). Бир жыл ичинде баалардын жогорулашы январда (0,7 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жана 2016-ж. III-кварталында 3,6 пайызга белгиленген. Ошол эле учурда кумшекердин баасы 5,4 пайызга кайрадан IV-кварталда төмөндөдү. Жылдын жыйынтыгы боюнча кумшекерге болгон баанын жогорулашы Баткен облусунда (4,5 пайызга) катталды, ошол эле учурда облустарда ага болгон баанын төмөндөшү 2016-ж. май-июнунда жана октябрь-ноябрында гана байкалган. Кумшекерге болгон максималдуу орточо баа 1 килограмм үчүн мурункудай эле Ош ш. сакталып келет жана 2016-ж. - 59,80 сомду түздү.

2016-ж. январь-декабрында кара чайдын баасы 4,5 пайызга, көк чайдыкы - 2,4 пайызга көтөрүлдү. Өткөн жылы аймактык бөлүктө чайдын баасы кылка түзүлгөн эмес. Ошентип Ысык-Көл облусунда кара чайдын баасынын максималдуу өсүшүндө (15,0 пайызга), башка аймактар менен салыштырмалуу көк чайдын баасы (14,0 пайызга) төмөндөгөн. 2016-ж. Чүй облусунда Жалал-Абад облусундагыдай эле көк чайдын баасы 2,2 пайызга жана 2,4 пайызга жараша төмөндөгөн, ал эми кара чай тескерисинче 8,6 пайызга жана 2,4 пайызга жараша өскөн. Ошол эле убакта кара чайдын баасынын (2,2 пайызга) төмөндөшү 2016-ж. январь-декабрында Нарын облусунда байкалган.

Республика боюнча алкоголдук ичимдиктердин баалары 2016-ж. январь-декабрында 2,7 пайызга өстү (2015-ж. алардын өсүүсү 4,7 пайызды түзгөн). Алкоголдук ичимдиктердин бааларынын төмөндөшү январда (0,6 пайызга), апрелде (0,2 пайызга) жана 2016-ж. ноябрында (0,5 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) байкалган. Ал эми республика боюнча эң көп (1,5 пайыз) өсүш 2016-ж. III-кварталында байкалды. Өткөн жылы алкоголдук ичимдиктердин баалары 2,5 пайызга Баткен облусунда төмөндөгөн.

2016-ж. тамекилердин бааларынын жогорулашы улантылган жана жалпы жыл ичинде алар 8,4 пайызга кымбаттаган (2015-ж. - 39,1 пайызга). Өткөн жылдын I-кварталында аларга болгон баанын максималдуу өсүшү (4,3 пайызга) катталган. 2016-ж. жыйынтыгы боюнча аймактык бөлүктө тамекилерге болгон баалар Ысык-Көл облусунда (42,4 пайызга) өстү, ал эми Жалал-Абад облусунда алардын өсүшү 2,8 пайызды түздү.

2016-ж. январь-декабрында өткөн жылдар менен салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарлардын бааларынын орточо өсүшү (1,6 пайызга) байкалды (ошентип 2015-ж. алардын өсүшү 12,3 пайызды түзгөн). Өткөн жыл ичинде аларга болгон баанын төмөндөшү мартта

(0,2 пайызга мурунку айга салыштырмалуу), II-кварталда (0,5 пайызга), июлда (0,1 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жана октябрында (0,1 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) байкалган.

Азык-түлүк эмес товарлардын бааларынын максималдуу өсүүсү 2016-ж. башка аймактар менен салыштырмалуу Ош облусунда (6,1 пайыз) катталган, ал эми Бишкек ш. алардын 0,9 пайызга төмөндөшү байкалды. Талас облусунда азык-түлүк эмес товарлардын баалары 2015-ж. деңгээлинде дээрлик өзгөрүүсүз сакталып калган.

2016-ж. кийимдердин (7,4 пайызга), турмуш тиричилик текстиль буюмдардын (9,0 пайызга), айнек буюмдары, ашканалык приборлор жана үйдүн ичиндеги нерселердин (9,2 пайызга), бут кийимдин (10,8 пайызга) жана фармацевтика продукциясынын (15,2 пайызга) бааларынын олуттуу өсүшү байкалды.

Муну менен катар, өткөн жылда турак жайларды күтүү жана ондоо үчүн материалдарда - 8,2 пайызга, (анын ичинде кирпич - 6,9 пайызга, жыгыч материалдар - 7,5 пайызга, цемент - 20,1 пайызга, шифер - 9,5 пайызга), көмүргө - 10,1 пайызга, газга - 11,9 пайызга) баалардын төмөндөшү байкалды. Мындан тышкары кыска мөөнөттүк колдонуудагы турмуш-тиричилик товарларда (1,7 пайызга), электр чайнегине (7,7 пайызга), электр лампочкасына (9,4 пайызга), автомобилдерге, дөңгөлөктөрдү кошуп (14,0 пайызга) баалар төмөндөдү.

Бензинге жана дизель майына болгон баалар 2015-ж. сентябрынан төмөндөшү башталып 2016-ж. I-кварталында да уланды. Ошентип 2016-ж. январь-мартында бензинге болгон баа 15,8 пайызга, дизель майына - 17,3 пайызга төмөндөдү. Бирок, апрелден баштап аларга болгон баалар жогорулап баштады жана 2016-ж. II-кварталында бензинге болгон баанын өсүүсү - 6,3 пайызды, ал эми 2016-ж. IV-кварталында дизель майына (13,6 пайызга) катталды. Ошол эле учурда 2016-ж. декабрында 2015-ж. декабрына болгон бензиндин баасынын деңгээлинен 5,7 пайызга төмөн, ал эми дизель майына болгон баа тескерисинче 0,9 пайызга өскөн.

**4-график: Негизги топтордогу товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин индекстери**
*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*



2016-ж. январь-декабрынан бери калкка көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөргө болгон тарифтер жалпы республика боюнча 5,2 пайызга (2015-ж. - 6,7 пайызга) жогорулады. Муну менен бирге өткөн жылы кызмат көрсөтүүлөргө болгон тарифтер туруктуу өсүшү жана бир аз төмөндөшү 2016-ж. июнь, октябрь жана ноябрь айларында гана белгиленген. Кызмат көрсөтүүлөргө болгон тарифтердин жогорулашы ү.ж. январь-июнунда республиканын бардык аймактарында катталды. Мурунку жылдардан айырмаланып тарифтердин максималдуу өсүүсү сентябрда белгиленген, 2016-ж. декабрында ал 1,8 пайызга мурунку айга салыштырмалуу өсүшү катталган, бул кызмат көрсөтүүлөргө болгон тарифтердин (9,3 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жогорулашы менен шартталган.

Аймактык бөлүктөрдө, 2016-ж. январь-декабрында эң көп өсүш (9,3 пайыз) Нарын облусунда катталды, ал эми минималдуу (4,3 пайыз) Бишкек ш. Белгилей кетсек, республиканын баардык аймактарында кызмат көрсөтүүлөргө болгон тарифтердин баасы азык-түлүк эмес товарлардын бааларынан өзгөрүүсүнөн жогору болгон, бул Ош облусун кошпогондо кызмат көрсөтүүлөргө болгон тарифтер 4,4 пайызга жогорулаган, ал эми азык-түлүк эмес товарлардын баалары 6,1 пайызга өскөн.

2016-ж. январь-декабрында эң көп тарифтер маркумду узатуу кызматтарында - үчтөн бир бөлүккө, амбулатордук кызмат көрсөтүүлөрдө - 30,5 пайызга, уюлдук байланыш тейлөөсүндө (түйүн ичинде чалуулар) - 22,2 пайызга, почта тейлөөсүндө - 13,0 пайызга, бут кийим ондоодо - 12,7 пайызга, турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоодо - 11,8 пайызга кымбаттады. Муну менен бирге, тарифтер нотариалдык кызмат көрсөтүүлөрдө (1,6 пайызга), мектепке чейинки билим берүүдө (2,0 пайызга), маданий иш-чараларды уюштурууда (2,7 пайызга), чачтарач кызмат көрсөтүүсүндө (2,9 пайызга), мейманкана тейлөөсүндө (9,5 пайызга), ветеринардык кызмат көрсөтүлөрдө (15,3 пайызга) ошондой эле эл аралык сүйлөшүүлөрдө (1,6 эсе) төмөндөдү.

2016-ж. (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) тарифтердин төмөндөшү аба жүргүнчү транспортунун кызмат көрсөтүүсүндө 21,1 пайызга белгиленди, бул II-кварталда (13,0 пайызга) жана III-кварталда (6,1 пайызга) алардын жогорулашына карабастан. Тарифтер автомобиль жолдорунун жүргүнчү транспортунун кызмат көрсөтүүсүндө 1,1 пайызга төмөндөдү, ал эми темир жол жүргүнчү транспортунун кызмат көрсөтүүсүндө алар 6,1 пайызга өстү.

Буга карабастан, 2016-ж. керектөө бааларынын (0,5 пайызга) төмөндөшү менен, *өнөр жай товарларын өндүрүүчүлөрдүн бааларына* дагы (0,3 пайызга) катталды, өткөн жыл ичинде жалпы өнөр жай өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өзгөрүүсүнүн деңгээли экономиканын керектөөчү секторунун баалары өзгөрүүсүнөн жогору. Бул 2016-ж. октябрында мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өсүүсүнүн 2,3 пайызын түздү, ал эми керектөө баалары боюнча алардын төмөндөшү 2,0 пайызга байкалды. 2016-ж. ноябрында гана мурунку айга салыштырмалуу өнөр жай өндүрүүчүлөрдүн бааларынын 4,9 пайызга төмөндөшү (керектөө бааларынын бирдей 0,5 пайызга өсүшү менен), өнөр жай өндүрүүчүлөрдүн динамикасынын курч ылдыйлашына алып келди.

**5-график: 2016-ж. керектөө бааларынын жана өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өзгөрүшү**

*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен; өсүүсү +, төмөндөө -)*




Белгилей кетсек, 2015-ж. январь-декабрында өнөр жай товарларын өндүрүүчүлөрдүн баалары жалпы республика боюнча 12,1 пайызга жогорулаган.

2015-ж. айырмаланып пайдалуу кендерди казуу ишканаларында өндүрүүчүлөрдүн баалары 47,7 пайызга өссө, 2016-ж. январь-декабрында алар тескерисинче 14,5 пайызга төмөндөгөн.

2016-ж. январь-декабрында иштетүү өндүрүшүндө (0,3 пайызга) орточо өсүш катталды, ал эми 2015-ж. алар 8,8 пайызга өскөн.

Жалпы тамак-аш азыктарын, суусундуктарды жана тамекилерди өндүрүүчү ишканаларын кошкондо, өндүрүүчүлөрдүн баалары өткөн жылда 0,5 пайызга төмөндөгөнү байкалды. Муну менен, өндүрүүчүлөрдүн бааларынын төмөндөшү канаттуулардын этинен башка этти кайра иштетүү жана сактоо - 12,4 пайызга, чай жана кофени - 21,9 пайызга, шекерди - 10,1 пайызга, өсүмдүк жана жаныбарлардан алынган майлар жана тоң майларды - 8,5 пайызга, ун жана акшакты - 7,4 пайызга өндүрүү ишканаларында байкалды. Муну менен бирге, наабаткана жана кондитердик азыктарды өндүрүү (6,4 пайызга), сүт продуктуларын (10,1 пайызга), эт жана тооктун этинен жасалган азыктарды (11,4 паыйызга), балыкты кайра иштетүү жана консервалоо (19,4 пайызга) ишканаларында алардын белгилүү жогорулашы катталды.

Ошондой эле өткөн жылда белгилүү өсүш текстиль булаларын жана жиптерин даярдоодо - 7,3 пайызга, автомобилдердин бөлүктөрүн жана ага тиешелүү нерселерди - 11,3 пайызга, айнек жана айнектен жасалган буюмдарды - 11,5 пайызга, тазаланган мунайзатты - 14,3 пайызга жана трикотаж буюмдарды - 38,9 пайызга өндүрүү ишканаларында байкалды.

2016-ж. жыйынтыгы боюнча, 2015-жылдагыдай эле кирпичтен, жыгач такчалардан жана башка топурактан жасалган курулуш буюмдарды (4,9 пайызга), асбестцементтен жасалган буюмдарды (6,1 пайызга), цементти (21,7 пайызга) өндүрүү ишканаларында өндүрүү бааларынын төмөндөшү катталды.

2016-ж. январь-декабрында электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) чөйрөсүндө өндүрүүчүлөрдүн бааларынын бир пайызга төмөндөшү белгиленди, бул негизинен жаратылыш газына болгон тарифтирдин төмөндөшү менен шартталды. Ошентип, газ өндүрүү; газ менен камсыз кылуу системасы аркылуу газ отунун бөлүштүрүү 13,8 пайызга төмөндөгөн (ал эми 2015-ж. алар тескерисинче чейрек өскөн). Муну менен катар, 2016-ж. январь-декабрында буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) ишканаларында кайрадан 2015-жылдагыдай эле өндүрүүчүлөрдүн бааларынын 4,9 пайызга көтөрүлүшү байкалды. Муну менен 2015-ж. январь-декабрында алар 19,7 пайызга өскөн.

2016-ж. январь-декабрында суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу ишканаларында өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өсүшү 6,2 пайызды (2015-ж. - 7,5 пайызды) түздү.

2016-ж. январь-декабрында (2016-ж. IV-кварталы 2015-ж. IV-кварталы менен салыштырмалуу) транспорттун негизги түрлөрү менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон тарифтер жалпы республика боюнча 4,2 пайызга төмөндөшү катталды, ал эми 2015-ж. алар тескерисинче 27 пайызга жогорулаган. Муну менен, 2016-ж. I-кварталында. (3,7 пайызга мурунку квартал менен салыштырмалуу) жана IV-кварталында (1,1 пайызга) баардык транспорттун түрлөрү менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон тарифтердин өскөндүгү байкалган (2015-ж. баардык кварталдарында алардын өсүшү белгиленген). Эгер өткөн жылдын I-кварталында тарифтердин максималдуу өсүшү катталса, анда 2015-ж. IV-кварталда (18,9 пайызга мурунку квартал менен салыштырмалуу) катталган.

2016-ж. темир жол (4,2 пайызга) жана автомобиль транспорту (3,7 пайызга) аркылуу жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүлөрүнүн тарифтеринин төмөндөшү байкалды. Ошол эле учурда 2015-ж. январь-декабрында алар автомобиль транспорту - 5,8 пайызга, темир жол транспорту аркылуу кызмат көрсөтүүлөрүлөрдө - 29,7 пайызга өскөн.

2016-ж. IV-кварталында 2015-ж. IV-кварталы менен салыштырмалуу аба транспорту менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон тарифтер 0,7 пайызга жогорулады, ал эми 2015-ж. алар 9 пайызга төмөндөгөн. Суу транспорту менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон тарифтер 2016-ж. январь-декабрында 2015-ж. IV-кварталынын деңгээлинде сакталган.

**6-график: Экономика сектору боюнча баалардын жана тарифтердин индексы**
*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




2016-ж. январь-декабрында (мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен) ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери жалпы республика боюнча 5,0 пайызга жогорулады (2015-ж. алардын өсүүсү 5,7 пайызды түзгөн). Муну менен, өткөн жылда 2015-жылдагыдай эле почта жана курьердик байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери (36,6 пайыз) электр байланышынын кызмат көрсөтүүлөрүнөн (3,8 пайыз) ашып кеткен. 2015-ж. январь-декабрында почта жана курьердик байланыш - 12,0 пайызга, электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери - 5,2 пайызга жогорулады.

Баалардын статистикасы бөлүмү